Сахна

Сөзү: Чотурова Бактыгүл
Обону: Бейшекеев Сыймык

Сахна, сахна ыйыксың
Өнөр менен улуксуң.
Эргип чыксам өзүңдөн
Элим жыргап ыр уксун.
Сахна дүйнөм аңтарган
Эл алдына алпарган.
Тушоом кескен өзүңсүң
Тууганбайдай залкардан.
Тушоом кескен өзүңсүң
Тууганбайдай залкардан.

Сахна, сахна сен элдин
Куттуу төрү өнөрдүн.
Миң ырахмат өзүңө
Сенден өсүп көгөрдүм.
Сахна сенден ачылгам
Жылдыз болуп чачылган.
Эрте алдым нускасын
Эстебестей акындан.
Эрте алдым нускасын
Эстебестей акындан.

Сахна сенден ачылган
Элден чыккан асылдар.
Тагдыр тапкан өзүңдөн
Менин дагы бактым бар.
Сахна жолун ачасың
Жарыгыңды чачасың.
Алган Чынгыз атанын
Ак дилинен батасын.
Алган Чынгыз атанын
Ак дилинен батасын.
Сахна жолун ачасың
Жарыгыңды чачасың.
Алган кыргыз элимдин
Ак дилинен батасын.
Алган кыргыз элимдин
Ак дилинен батасын.